# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 24
# «Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү»

## Максаты

1 Бул стандарттын максаты – ишкананын финансылык отчеттуулугу анын финансылык абалы, ошондой эле пайда же зыян менен байланыштуу тараптардын болуу фактысынын, ошондой эле мындай тараптар менен болгон милдеттенмелерди кошо алганда, операциялардын жана операциялардын калдыктарынын таасирине кабылта турган мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл бурдурууга зарыл маалыматтардын камтышын камсыз кылуу.

## Колдонуу чөйрөсү

2 **Бул стандарт төмөндөгүлөр үчүн колдонулат:**

**(a) байланыштуу тараптар менен болгон мамилелерди жана операцияларды аныктоо;**

**(b) ишкана жана аны менен байланыштуу тараптар ортосундагы милдеттенмелерди кошо алганда, операциялар боюнча калдыктарды аныктоо;**

**(c) (a) жана (b) пункттарына ылайык маалыматтын ачып көрсөтүлүшү талап кылынган жагдайларын аныктоо; жана**

**(d) көрсөтүлгөн пункттар боюнча ачып көрсөтүлүүгө тийиш болгон маалыматтарды аныктоо.**

3 **Бул стандарт байланыштуу тараптар менен болгон мамилелер жана операциялар жана мындай операциялар боюнча калдыктарды, анын ичинде башкы ишкананын же инвестициялар объектилерине карата биргелешкен контролго же олуттуу таасирге ээ инвестордун *«Бириктирилген финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IFRS) 10го жана *«Өзүнчө финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 27ге ылайык берилүүчү бириктирилген жана өзүнчө финансылык отчеттуулугундагы милдеттенмелери жөнүндө маалыматтын ачып көрсөтүлүшүн талап кылат. Бул стандарт жеке финансылык отчеттуулукка карата да колдонулат.**

4 Ишкананын финансылык отчеттуулугунда байланыштуу тараптар менен болгон операциялар жана топтун башка ишканалары менен болгон операциялары боюнча төлөнбөгөн калдыктары жөнүндө маалымат ачып көрсөтүлөт. Топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугун даярдоодо байланыштуу тараптар ортосундагы ички топтук операциялар жана төлөнбөгөн калдыктар жоюлат, топ ичиндеги операциялардан жана инвестициялык ишкана менен анын туунду ишканаларынын ортосундагы төлөнбөгөн калдыктардан тышкары, алар пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланышат.

## Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүүнүн максаты

5 Байланыштуу тараптар менен болгон мамилелер – коммерциядагы жана бизнестеги кадимки эле көрүнүш. Мисалга алсак, ишкана көп учурда өзүнүн ишмердүүлүгүнүн бөлүгүн туунду ишканалар, биргелешкен ишканалар жана ассоциацияланган ишканалар аркылуу

жүзөгө ашырат. Бул жагдайларда ишкана контролдун, биргелешкен контролдун же олуттуу таасир кылуунун натыйжасында инвестициялар объектилеринин финансылык жана операциялык саясатына таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

6 Байланыштуу тараптар менен болгон мамилелер ишкананын пайдасына же зыянына жана финансылык абалына таасирин тийгизиши мүмкүн. Байланыштуу тараптар байланыштуу эмес тараптар жүргүзбөй турган операцияларды жүргүзө алышат. Мисалы, өзүнүн башкы ишканасына өздүк наркы менен товарларын саткан ишкана башка кардарга аларды ушундай эле шарттар менен сатуудан баш тартышы мүмкүн. Андан сырткары, байланыштуу тараптар ортосундагы операциялар байланыштуу эмес тараптар ортосундагыдай эмес көлөмдө жүргүзүлүшү мүмкүн.

7 Байланыштуу тараптар менен болгон мамилелер ал тургай эгер операциялар байланыштуу тараптар менен жүргүзүлбөсө дагы, ишкананын пайдасына же зыянына жана финансылык абалына таасирин тийгизе алат. Мындай мамилелердин болушунун өзү ишкананын башка тараптар менен жүргүзгөн операцияларына таасирин тийгизиши үчүн жетиштүү болушу мүмкүн. Мисалы, туунду ишкана башкы ишкана тарабынан мурунку соода өнөктөшүнүкүндөй ишмердүүлүк менен алектенген башка туунду ишкана сатып алынгандан кийин соода өнөктөшү менен мамилесин үзсө болот. Жана тескерисинче, бир тарап башка тараптын олуттуу таасир этишинен улам белгилүү иш-аракеттерден карманса болот, мисалы, туунду ишкана өзүнүн башкы ишканасынан изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзбөө көрсөтмөсүн алышы мүмкүн.

8 Ушунун негизинде, ишкананын операциялары, төлөнбөгөн калдыктар, байланыштуу тараптардын милдеттенмелери, жана алар менен болгон мамилелер тууралуу маалымдуулук ишкана тушугуп жаткан тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү баалоону кошо алганда, финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары ишкананын ишин кантип баалай тургандыктарына таасирин тийгизиши мүмкүн.

## Аныктамалар

**9 Бул стандартта төмөндө көрсөтүлгөн мааниледерги терминдер колдонулат:**

***Байланыштуу тарап*** **– бул өзүнүн финансылык отчеттуулугун түзүүчү ишкана (бул стандартта «отчет берүүчү ишкана» деп аталган) менен байланышкан жеке адам же ишкана.**

**(a) жеке адам же анын үй-бүлөсүнүн жакын мүчөсү отчет берүүчү ишкананын байланыштуу тарабы деп төмөнкү учурларда эсептелет:**

**(i) отчет берүүчү ишкананын үстүнөн контроль же биргелешкен контроль жүргүзсө;**

**(ii) отчет берүүчү ишканага олуттуу таасири болсо; же**

**(iii) отчет берүүчү ишкананын же анын башкы ишканасынын негизги башкаруучу персоналынын курамына кирсе.**

**(b) Эгер ага карата төмөнкү шарттардын кайсы бири колдонула турган болсо, ишкана отчет берүүчү ишкананын байланыштуу тарабы болуп саналат:**

**(i) Ушул ишкана жана отчет берүүчү ишкана бир топтун мүчөлөрү болуп саналышат (бул башкы, туунду жана башка туунду ишкананын ар бири ушул топтун башка ишканаларынын байланыштуу тарабы болуп саналарын билдирет).**

**(ii) Бир ишкана башка ишкананын ассоциацияланган же биргелешкен ишканасы (же бир ишкана ага башка ишкана кирген топтун мүчөсүнүн ассоциацияланган ишканасы же биргелешкен ишканасы) болуп саналат.**

**(iii) Эки ишкана тең бир эле үчүнчү тараптын биргелешкен ишканасы болуп саналат.**

**(iv) Бир ишкана үчүнчү тараптын биргелешкен ишканасы, а башка ишкана ушул үчүнчү тараптын ассоциацияланган ишканасы болуп саналат.**

**(v) Тарап отчет берүүчү ишкананын же отчет берүүчү ишкананын байланыштуу тарабы болуп саналган ишкананын кызматкерлери үчүн түзүлгөн эмгек ишмердүүлүгү аяктагандыгы боюнча сыйакылар программасын түшүндүрөт. Эгер отчет берүүчү ишкана өзү мындай программа болуп саналса, ушул программаны каржылаган иш берүүчүлөр дагы отчет берүүчү ишкананын байланыштуу тарабы болуп саналышат.**

**(vi) Ишкана (а) пунктчасында көрсөтүлгөн адам аркылуу контролдонот же биргелешип контролдонот.**

**(vii) (а)(і) пунктчасында көрсөтүлгөн адам ишканага олуттуу таасирин тийгизет же ал ишкананын (же анын башкы ишканасынын) негизги башкаруучу персоналынын курамына кирет.**

**(viii) Ишкана же анын бөлүгү болуп саналган топтун каалаган мүчөсү ишканага же анын башкы ишканасына отчет берүүчү ишкананын негизги башкаруучу персоналынын кызматын көрсөтөт.**

***Байланыштуу тарап менен жүргүзүлгөн операция* – акы төлөнгөнүнө же төлөнбөгөнүнө карабастан отчет берүүчү ишкананын жана аны менен байланыштуу тараптын ортосунда ресурстардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн же милдеттенмелердин өткөрүлүп берилиши.**

***Жеке адамдын үй-бүлөсүнүн жакын мүчөлөрү* – жеке адамдын ишкана менен жүргүзгөн операцияларынын жүрүшүндө ага таасир этүүчү же ал адамдын таасири аларга тийүүсү мүмкүн болгон үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү. Алардын катарына төмөнкүлөр кириши мүмкүн:**

**(a) ал адамдын балдары, ошондой эле жубайы же жарандык жубайы;**

**(b) ал адамдын жубайынын же жарандык жубайынын балдары; жана**

**(c) ал адамдын, ал адамдын жубайынын же жарандык жубайынын багуусундагылар.**

© ФОЭС Фонду

***Компенсация*** **кызматкерлерге берилүүчү сыйакылардын бардыгын (*«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19да аныкталгандай), анын ичинде аларга карата *«Акцияларга негизделген төлөмдөр»* ФОЭС (IFRS) 2 колдонулган сыйакыларды камтыйт. Кызматкерлердин сыйакылары ишкана тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн ишкана тарабынан же ишкананын атынан төлөнгөн, төлөнүп берилүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун формаларынын бардыгын камтыйт. Ал ушул ишканага карата башкы ишкананын атынан төлөнүп берилүүчү ордун толтурууну да камтыйт. Компенсацияга төмөнкүлөр кирет:**

**(a) эмгек акы жана социалдык камсыздоого төгүмдөр, төлөнүп берилүүчү ар жылкы өргүү жана оорусу боюнча төлөнүп берилүүчү өргүү, пайдага жана премияларга катышуу (эгер алар мезгил аяктагандан кийин 12 айдын ичинде төлөнүп берилүүгө тийиш болсо) сыяктуу кызматкерлерге берилүүчү кыска мөөнөттүү сыйакылар, ошондой эле иштеп жаткан кызматкерлер үчүн акчалай эмес түрүндөгү жеңилдиктер (медициналык тейлөө, турак-жай, транспорт менен камсыз кылуу, акысыз же жеңилдетилген баада товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүү);**

**(b) пенсия, пенсияга чыгып жаткан учурдагы башка төлөмдөр, өмүрүн камсыздандыруу жана эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча медициналык тейлөө сыяктуу эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылар;**

**(c) кызматкерлерге берилүүчү башка узак мөөнөттүү сыйакылар, анын ичинде иштеген жылдары үчүн өргүү, чыгармачылык өргүү, маарекеге төлөмдөр жана иштеген жылдары үчүн башка төлөмдөр, эмгекке жарамдуулугун узакка жоготкондугу үчүн төлөмдөр, ошондой эле пайдага, премияларга катышуу жана кийинкиге калтырылган компенсация (эгер сыйакынын бул түрлөрү мезгил аяктагандан кийин он эки айдын ичинде төлөнүп берилүүгө тийиш болбосо);**

**(d) бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулдар; жана**

**(e) акцияларга негизделген төлөмдөр.**

***Негизги башкаруучу персонал*** **– ишкананын ишмердүүлүгүн пландаштыруу, жетектөө жана контролдоо үчүн түз же кыйыр ыйгарым укуктарга ээ болгон жана жоопкерчилик тарткан адамдар, анын ичинде бул ишкананын (аткаруучу же башка) директорлору.**

***Мамлекет*** **деп өкмөт, алар жергиликтүү, улуттук же эл аралык экендигине карабастан өкмөттүк органдар жана мамлекеттик бийликтин башка органдары деп түшүнүлөт.**

***Мамлекет менен байланышкан ишкана*** **– мамлекеттин контролунун, биргелешкен контролунун же олуттуу таасиринин астында турган ишкана.**

**«Контроль» жана «инвестициялык ишкана», «биргелешкен контроль» жана «олуттуу таасир» аныктамалары тийиштүү түрдө ФОЭС (IFRS) 10до, *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11де жана *«Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28де жазылган жана ушул стандартта ФОЭСтин маалыматтары тарабынан белгиленген маанилеринде колдонулат.**

© ФОЭС Фонду

10 Байланыштуу тараптар менен мамилелер болуп саналган мамилелердин ар бир учурун карап жатканда мындай мамилелердин юридикалык формасына гана эмес, алардын мазмунуна (маңызына) көңүл буруу керек.

11 Ушул стандарттын контекстинде төмөнкү тараптар байланыштуу тараптар болуп саналышпайт:

(a) эки ишкана, аларда директор же негизги башкаруучу персоналдын башка мүчөсү жалпы болгон себебинен гана, же бир ишкананын негизги башкаруучу персоналынын мүчөсүнүн башка ишканага олуттуу таасири болгон себебинен;

(b) биргелешкен ишкананын эки катышуучусу биргелешкен ишканага биргелешкен контролду жүргүзгөн себебинен;

(i) каржылоону берүүчү тараптар,

(ii) кесиптик бирликтер,

(iii) коммуналдык кызматтар, жана

(iv) отчет берүүчү ишканага контроль, биргелешкен контроль жүргүзбөгөн же ага олуттуу таасири жок мамлекеттик мекемелер жана ведомстволор,

(c) ишкана менен демейки операциялардын болушунун негизинде гана (ал тургай эгер алар ишкананын иш-аракеттеринин эркиндигине таасирин тийгизе алышса же ишкананын чечимдерди кабыл алуу процессине катыша алышса);

(d) айрым сатып алуучу, берүүчү, франчайзер, дистрибьютор же башкы агент, алар менен келип чыккан экономикалык көз карандылыктын натыйжасында ишкана олуттуу ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

12 Байланыштуу тараптын аныктамасында ассоциацияланган ишкана ассоциацияланган ишкананын туунду ишканаларын камтыйт, а биргелешкен ишкана мындай биргелешкен ишкананын катышуучуларынын туунду ишканаларын камтыйт. Натыйжада, мисалга ала турган болсок, ассоциацияланган ишкананын туунду ишканасы жана ушул ассоциацияланган ишканага олуттуу таасири бар инвестор бири-бирине байланыштуу тараптар болуп саналышат.

## Маалыматтарды ачып көрсөтүү

### Бардык ишканалар

**13 Башкы ишкана менен анын туунду ишканаларынын ортосундагы мамилелер бул тараптардын ортосунда операциялар жүргүзүлдүбү же жокпу, ага карабастан ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Ишкана өзүнүн башкы ишканасынын жана акыркы контролго ээ тараптын аталышын ачып көрсөтүүгө тийиш, эгер бул тарап башкы ишканадан айырмалуу болсо. Эгер башкы ишкана дагы, акыркы контролго ээ тарап дагы жалпы пайдалануу үчүн жеткиликтүү бириктирилген финансылык отчеттуулукту беришпесе, мындай отчеттуулукту берген, кийинки жогорку турган башкы ишкананын аталышы да ачып көрсөтүлөт.**

14 Финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар байланыштуу тараптар менен болгон мамилелердин ишканага таасири тууралуу пикирди түзө алышы үчүн, байланыштуу тараптар ортосунда операциялар жүргүзүлдүбү же жокпу, ага карабастан контроль болгон учурларда байланыштуу тараптар менен болгон мамилелер тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү керек.

15 Башкы ишкана менен анын туунду ишканаларынын ортосундагы мамилелер тууралуу маалыматты ачып көрсөтүү талабы байланыштуу тараптар ортосундагы катары ФОЭС (IAS) 27де жана *«Башка ишканаларга катышуусу жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 12де көрсөтүлгөн маалыматтарды ачып көрсөтүү боюнча талаптарды толуктайт.

16 13-пункт кийинки жогору турган башкы ишканага таяныч кылат. Бул түздөн-түз башкы ишкананын үстүндө туруп, жалпы пайдалануу үчүн жеткиликтүү болгон бириктирилген финансылык отчетту түзгөн, топтогу биринчи башкы ишкана.

**17 Ишкана жалпы жонунан жана төмөндө көрсөтүлгөн категориялардын ар бири боюнча ишкананын негизги башкаруучу персоналына берилүүчү компенсациялар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтөт:**

**(a) кызматкерлердин кыска мөөнөттүү сыйакылары;**

**(b) эмгек ишмердүүлүгүнүн аякташы боюнча сыйакылар;**

**(c) башка узак мөөнөттүү сыйакылар;**

**(d) бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулдар; жана**

**(e) акцияларга негизделген төлөмдөр.**

**17A Эгер ишканага башка ишкана («башкаруучу ишкана») тарабынан негизги башкаруучу персоналдын кызматтары көрсөтүлсө, ишкана кызматкерлерге же директорлорго башкаруучу ишкана тарабынан төлөнүп берилген же төлөнүп берилүүгө тийиш сыйакыларга карата 17-пункттагы талаптарды колдонууга милдеттүү эмес.**

**18 Эгер ишкана менен анын байланыштуу тараптарынын ортосунда финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн мезгилдер аралыгында операциялар жүргүзүлгөн болсо, ишкана байланыштуу тараптар менен болгон мамилелердин мүнөзүн, ошондой эле пайдалануучулар финансылык отчеттуулукка мындай мамилелердин мүмкүн болгон таасирин түшүнүүсү үчүн зарыл, келечектеги операциялар боюнча келишимдик милдеттенмелерди кошо алганда, операциялар жана алардын калдыктары жөнүндө маалыматты ачып көрсөтөт. Маалыматтарды ачып көрсөтүүгө карата бул талаптар 17-пункттун талаптарын толуктап турат. Ачылып жаткан маалымат, жок дегенде, төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:**

**(a) операциялардын суммасын;**

**(b) келишимдик милдеттенмелерди кошо алганда, мындай операциялар боюнча калдыктардын суммасын, ошондой эле:**

**(i) камсыз кылуунун болушун кошо алганда, аларды жүргүзүүнүн шарттарын, ошондой эле эсептөөдө берилүүчү ордун толтуруунун мүнөзүн; жана**

**(ii) бардык берилген жана алынган кепилдиктер тууралуу маалыматтарды;**

**(c) байланыштуу тараптар менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча калдыктарга таандык күмөндүү карыздардын резервдерин; жана**

**(d) байланыштуу тараптардын ишенимсиз же күмөндүү карыздарына карата мезгил ичинде таанылган чыгымдарды.**

**18A Ишкананын өзүнчө башкаруучу ишкана тарабынан көрсөтүлгөн негизги башкаруучу персоналынын кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алууга кетирген суммалары отчеттуулукта ачып көрсөтүлүүгө тийиш.**

**19 Ачып көрсөтүлүшүн 18-пункт талап кылган маалымат төмөнкү категориялар боюнча өзүнчө ачып көрсөтүлөт:**

**(a) башкы ишкана;**

**(b) ишкананын үстүнөн биргелешкен контроль жүргүзүүчү же ага олуттуу таасир көрсөтүүчү ишканалар;**

**(c) туунду ишканалар;**

**(d) ассоциацияланган ишканалар;**

**(e) ишкана катышуучусу болуп саналган биргелешкен ишкана;**

**(f) ишкананын же анын башкы ишканасынын негизги башкаруучу персоналы; жана**

**(g) башка байланыштуу тараптар.**

20 Байланыштуу тараптарга төлөнүп берилүүгө же алардан алынууга тийиш болгон суммалардын ар кандай категориялары боюнча классификацияланышына карата 19-пункттун талабы финансылык абалы жөнүндө отчеттун өзүндө же болбосо эскертүүлөрүндө берилүүгө тийиш болгон маалыматты ачып көрсөтүүгө карата *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1дин талаптарынын уландысы болуп саналат. Категориялар байланыштуу тараптар менен операциялардын калдыктарынын кыйла толук талдоосун бериш үчүн кеңейтилген жана байланыштуу тараптар менен болгон операцияларга карата колдонулат.

21 Төмөндө ачып көрсөтүлүшү зарыл болгон операциялардын мисалдары келтирилген, эгер алар байланыштуу тараптар менен жүргүзүлө турган болсо:

(a) товарларды (даяр же бүтүрүлө элек) сатып алуу же сатуу;

(b) мүлктөрдү жана башка активдерди сатып алуу же сатуу;

(c) кызматтарды көрсөтүү же алуу;

(d) ижара;

(e) изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды өткөрүп берүү;

(f) лицензиялык макулдашуулар боюнча укуктарды өткөрүп берүү;

(g) каражаттарды каржылоо келишимдери боюнча өткөрүп берүү (анын ичинде акчалай же натуралай түрүндө капиталга кредиттер жана төгүмдөр);

(h) кепилдиктердин же камсыздоонун берилиши;

(i) эгер белгилүү бир окуя кийин келип чыккан же келип чыкпаган учурда кандайдыр иш-аракеттерди алдын ала көрүү келишимдик милдеттенмелери, анын ичинде аткарыла турган келишимдер[1] (таанылган жана таанылбаган); жана

(j) ишкананын атынан кылынган милдеттенмелер боюнча эсептешүүлөр же байланыштуу тараптын атынан кылынган ишкананын өзүнүн эсептешүүлөрү.

22 Башкы же туунду ишкананын белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программада катышуусу, бул жерде тобокелдиктин топтун ишканаларынын ортосунда бөлүнгөнү байланыштуу тараптар ортосундагы операция болуп саналат (ФОЭС (IAS) 19дун (2011-жылы киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен) 42-пунктун караңыз).

23 Байланыштуу тараптар менен операциялар байланыштуу эмес тараптардын ортосунда операциялар жүргүзүлгөн шарттарга окшош шарттарда жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалымат, эгер мындай шарттарды негиздөөгө боло турган учурда гана, ачып көрсөтүлөт.

**24 Маалыматтардын бөлүп-бөлүп ачып көрсөтүлүшү байланыштуу тараптар менен операциялар ишкананын финансылык отчеттуулугуна кандайча таасирин тийгизээрин түшүнүү үчүн зарыл болгон учурлардан тышкары, мүнөзү боюнча окшош беренелер жалпысынан ачып көрсөтүлсө болот.**

## Мамлекет менен байланышкан ишканалар

**25 Отчет берүүчү ишкана байланыштуу тараптар менен операциялар жана мындай операциялардын калдыктары жагынан 18-пунктта баяндалган маалыматтардын ачып көрсөтүлүшүнө карата талаптарды колдонуудан бошотулат, келечектеги операциялар боюнча келишимдик милдеттенмелердин ачып көрсөтүлүшүн кошо алганда, төмөнкүлөргө карата:**

**(a) мамлекеттик органдарга, алар отчет берүүчү ишканага контроль, биргелешкен контроль жүргүзөт же ага олуттуу таасирин тийгизет; жана**

**(b) байланыштуу тарап болуп саналган башка ишканага, анткени ошол эле мамлекеттик органдар ага жана отчет берүүчү ишканага контроль, биргелешкен контроль жүргүзөт же аларга олуттуу таасирин тийгизет.**

**26 Эгер отчет берүүчү ишкана 25-пунктта каралган талаптарды колдонуудан бошонуунy колдонсо, ал 25-пунктта каралган операциялар жана мындай операциялардын калдыктары тууралуу төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

---

[1] «Баалануучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер» ФОЭС (IAS) 37де аткарыла турган келишимдерге алар боюнча тараптардын бирөөсү дагы өзүнүн эч бир милдеттенмелерин аткарбаган же эки тарап тең өздөрүнүн милдеттенмелерин бирдей деңгээлде жарым-жартылай аткарышкан келишимдер катары аныктама берилет.

© ФОЭС Фонду

**(a)** **мамлекеттик органдын аталышын жана анын отчет берүүчү ишкана менен болгон мамилелеринин мүнөзүн (башкача айтканда контролдун, биргелешкен контролдун же олуттуу таасирдин болушу);**

**(b)** **ишкананын финансылык отчеттуулугун пайдалануучулардын байланыштуу тараптар менен операцияларынын анын финансылык отчеттуулугуна таасирин түшүнүүсү үчүн жетиштүү болгон майда-барат нерселеринин ачып көрсөтүлүшү бар кийинки маалыматты:**

**(i)** **өз алдынча олуттуу болуп саналган ар бир операциянын мүнөзү жана суммасы; жана**

**(ii)** **өзүнчө эмес, а чогуу болгондо маанилүү болуп саналышкан башка операцияларга карата – алардын масштабынын сапаттык же сандык көрсөткүчтөрү. Операциялардын түрлөрү 21-пунктта көрсөтүлгөн түрлөрдү камтыйт.**

27 26(b)-пунктунун талаптарына ылайык маалыматты ачып көрсөтүүнүн толуктугунун деңгээлин аныктоо үчүн өзүнүн ой жүгүртүүлөрүн колдонууда отчет берүүчү ишкана байланыштуу тараптар менен мамилелеринин жакындыгынын даражасын жана операциялардын маанилүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо үчүн жөндүү болгон башка факторлорду карап чыгууга тийиш, мисалы:

(a) бул операция масштабы боюнча маанилүү болуп саналабы;

(b) бул операция рыноктук эмес шарттарда жүргүзүлдүбү;

(c) бул операция, мисалы, бизнести сатып алуу жана сатуу сыяктуу демейки күнүмдүк ишмердүүлүктүн алкагынан чыга алдыбы;

(d) бул операция тууралуу маалымат жөнгө салуучу же көзөмөлдөөчү органдар тарабынан ачып көрсөтүлдүбү;

(e) жогорку жетекчилик ушул операция тууралуу маалымдар кылындыбы;

(f) бул операцияны жүргүзүүгө акционерлердин макулдугу алындыбы.

## Күчүнө кирүү күнү жана эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

28 Ишкана ушул станддартты 2011-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү түрдө колдонууга тийиш. Бүтүндөй стандартты мөөнөтүнөн мурда колдонууга же мамлекет менен байланышкан ишканаларга карата 25 – 27-пункттарда каралган талаптарды колдонуудан жарым-жартылай бошонууга жол берилет. Эгер ишкана 2011-ж. 1-январына чейин башталган жылдык мезгилге карата бүтүндөй стандартты же талаптарды колдонуудан жарым-жартылай бошонууну колдоно турган болсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

28A 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 10, *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11 жана ФОЭС (IFRS) 12 тарабынан 3, 9, 11 (b), 15, 19 (b) жана (e) пункттарына, ошондой эле 25-пунктка түзөтүүлөр киргизилди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 10ду, ФОЭС (IFRS) 11ди жана ФОЭС (IFRS) 12ни колдонууда колдонууга тийиш.

28В 2012-жылдын октябрында чыгарылган «*Инвестициялык ишканалар* (ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 12ге, ФОЭС (IAS) 27ге түзөтүүлөр)» документи 4 жана 9-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2014-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. *«Инвестициялык ишканалар»* документин мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана бул түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдоно турган болсо, ал *«Инвестициялык ишканалар»* документинин курамына киргизилген бардык түзөтүүлөрдү бир убакта колдонууга тийиш.

28С 2013-ж. декабрында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2010 – 2012-жж. аралыгы»* документи 9-пунктка түзөтүү киргизди жана 17А жана 18А-пункттарын кошту. Ишкана бул түзөтүүнү 2014-ж. 1-июлунан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгер ишкана бул түзөтүүнү алда канча эрте мезгилге карата колдоно турган болсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

## ФОЭС (IAS) 24түн (2003-ж. кайра каралган) колдонулушун токтотуу

29 Бул стандарт *«Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 24тү (2003-ж. кайра каралган) алмаштырат.

© ФОЭС Фонду